**УДК: 94(575.2)(04)**
**DOI: 10.35254/bsu/2023.65.48**

**Кушубакова Ш.**
**Ош ТУнун академик Б.Мурзубраимов атындагы эл аралык Өзгөн технологиялык жана билим берүү институту**

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ТҮПТӨЛҮҮ ЖАНА ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Кыскача мазмуну**

Ар бир тилдин тарыхы анын өнүгүүсү элдин тарыхын гана эмес, маданий өнүгүүсүнүн даражасын да аныктап, эң маанилүү этаптарын чагылдырат. Кыргызстанда бүгүн кыргыз тилине мамлекеттик тил макамын берүү мыйзамынын кабыл алынганына туура 30 жыл болду. Бул мезгил аралыгына чейин эле совет доорунда тил маселесине арналган көп изилдөөлөр жүргүзүлдү. Ошого карабастан байыркы кыргыз тилинин пайда болуусу жана өнүгүүсү тууралуу маселелер тарых илиминде бүгүн да абдан актуалдуу бойдон калууда. Бул макалада байыркы кыргыз элинин түрк тилдүү калктардын катарында өнүгүүсү жана жазуусунун пайда болуусу, өнүгүүсү тууралуу маселелер каралат.

**Түйүндүү сөздөр:** кыргыз эли, кыргыз тили, түркolog, тарых илими, түрк тилдүү элдер, жазуу эстеликтери, хунндар, классификация, Орхон-Енисей жазуулары.

**Кушубакова Ш.**
**Международный Узгенский технолого-образовательный институт имени академика Б.Мурзубраимова ОшТУ**

# НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ИСТОРИИ СТАНОВЛЕНИЯИ РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

**Аннотация**

История каждого языка, его развитие определяет не только историю народа, но и уровень развития культуры и отражает важнейшие этапы. Сегодня в Кыргызстане исполнилось ровно 30 лет с момента принятия закона о придании кыргызскому языку статуса государственного. Еще в советское время и до этого периода было проведено много исследований по проблеме кыргызского языка. Тем не менее, вопросы возникновения и развития древнекыргызского языка сегодня остаются весьма актуальными в исторической науке. В данной статье рассматриваются вопросы развития древних кыргызов среди тюркоязычных народов и возникновение, развитие письменности.

**Ключевые слова:** кыргызы, кыргызский язык, тюрколог, история, тюркоязычные народы, письменные памятники, гунны, классификация, орхоно-енисейские надписи.

**Kushubakova Sh.**
**International Uzgen Technological and Educational Institute named after academician B. Murzubraimov OshTU**

# SOME QUESTIONS OF THE HISTORY OF FORMATION AND DEVELOPMENT OF THE KYRGYZ LANGUAGE

**Abstract**

The history of each language, its development determines not only the history of the people, but also the level of development of culture and reflects the most important stages. Today, exactly 30 years have passed in Kyrgyzstan since the adoption of the law on granting the status of the state language to the Kyrgyz language. Even in Soviet times and before this period, many studies were carried out on the problem of the Kyrgyz language. Nevertheless, the issues of the origin and development of the ancient Kyrgyz language today remain very relevant in historical science. This article discusses the development of the ancient Kyrgyz among the Turkic-speaking peoples and the emergence and development of writing.

**Keywords:** Kyrgyz, Kyrgyz language, Turkologist, history, Turkic-speaking peoples, written monuments, Huns, classification, Orkhon-Yenisei inscriptions.

Киришүү. Кыргыз тили азыр өзүнүн көп кылымдык өнүгүү тарыхына ээ болуу менен дүйнөдөгү эң байыркы тилдердин бирине айланган. Өз кезегинде тил элдик оозеки чыгармачылык аркылуу да кеңири тараган. Орхон-Енисей графикасы кыргыз элинин биринчи жазма тили болуп эсептелет. Таштагы жазуулар бир гана Енисейде эмес, азыркы Кыргызстандын аймагынан да табылган. Көпчүлүк чет элдик окумуштуулардын (Б. Б. Радлов, В. Томсен, С.Е. Малов, М.Е. Массон, И.А. Батманов ж. б.) пикиринде да Хакасиядагы, Тувадагы, тоолуу Алтайдагы, Моңголиядагы, Таластагы, Кочкордогу жазуу эстеликтеринде сакталып калган жазуулар б. з. ч. III кылымдардан X-XI-кылымдарга чейин кыргыздар колдонуп келген тил болуп эсептелет деген жыйынтыктарга келишкен. Кыргыз тил илими жаатында болсо алтаистиканын кыргыз тилине түздөн-түз тиешеси бар экендиги тууралуу бир катар маселелерди Кыргызстандык окумуштуулар Б.М.Юнусалиев, И.А.Батманов, К.К.Юдахин, Б.О.Орузбаева, С.К.Кудайбергенов, С.Дыйкановдор изилдешкен. Орхон-Енисей байыркы түрк жазма эстеликтери жыйынтыгында түрк тили аталып (генетикалык, типологиялык жактан тектеш, жалпылыгы бар тилдердин тобу) бүткүл түрк тилдүү элдердин, анын ичинде кыргыз элинин тарыхый-маданий кенчи болду. Азыркы кыргыз тили ошол байыркы көөнө тилден бөлүнүп чыккан [1].

Совет доорунун бир беткей жүргүзгөн идеологиясынын кесепети кыргыз тилинин тарыхын тереңден изилдөөгө тоскоолдук кылгандыгы бүгүн жашыруун эмес. Тилге байланыштуу баалуу материалдар өз убагында бааланбай тил илиминде татыктуу ордун таппаган. Атап айтканда көрүнүктүү окумуштуу С.Е.Малов кыргыз тилине түздөн-түз тиешеси болгон мыкты эмгек жазган. Эмгек адегенде “Древняя кыргызская писменность” деп аталган. Бирок 1952-жылы Москвадан “Түрктөрдүн Енисей жазмасы” “Енисейская писменность тюрков” деп аталып жарыкка чыккан. С.Е.Малов аталган эмгегинде белгилүү түркологдор В.В.Радлов менен В.Томсендердин эмгектерине таянуу аркылуу Енисейдеги эстеликтерди кыргыздарга таандык эмес деп эсептөөгө эч кандай себеп жок деп ойлоорун баса белгилеген. [2]. Эмгектин алгачкы аталышында жарыкка чыкпашына себеп катары кыргыздардын өзүндө жазуусу боюнча күмөн жараткандыгы же болбосо ал мезгилдин

саясатынан чочулоолор болгону тууралуу кептер азыр көп айтылып келет.

1889-жылдары фин окумуштуулары Енисейдин жээгиндеги жазууларга көңүл бурушкан жана бул жазуулар Енисей жазуусу деп атала баштаган. Кийинчерээк Монголияда, Орхон дарыясынын жээгинде руна белгилери менен бирге кытай тилинде жазуулар кездешкенден кийин Орхон-Енисей деп атала баштаган. Енисей жазуулары орхондукуна караганда кеңири социалдык катмарларга таандык жана диалектизмдердин байкаларлык аралашуусун камтыйт **[3].** Ага байланыштуу да Енисей жазуусу хронологиялык жактан Орхон жазуусунан мезгили боюнча мурунку болуп эсептелсе керек. Көрсөтүлгөн кылымда колдонулган Енисей жазуусу кыргыздарга таандык болгон. Аны башка түрк тилдүү элдер да колдонушкан. Орхон-Енисей жазуусу же байыркы түрк руникалык жазуусу кыргыз каганатында ырасмий түрдө колдонулган мамлекеттик тилиндеги жазуу болгон. Себеби Түштүк Сибирде, Монголияда, Чыгыш Түркестанда, азыркы Кыргызстандын аймагында кыргыздардан калган жазма эстеликтер бар жана аларды окуй келгенде мамлекеттик түшүнүктөрдү чагылдырган терминдерди билүүгө болот. Кыргыз каганаты колдонгон жазуунун айырмачылыктары болгон. Көк Түрк каганаты колдонгон Орхон жазма эстеликтеринде болсо 38 тамга, кыргыздарда 47 тамга болгон. Тилде дагы бир аз айырмачылыктар бар. Мисалы, орток түрк адабий тилинде “бен” деп айтса, кыргыздарда “мен” дейт. Демек жазма эстеликтерде дагы кыргыздарга таандык кылып турган сингармонизм бар. Мына ушундай көптөгөн маалыматтар тагыраагы, Орхон-Енисей байыркы түрк жазма эстеликтеринин табыла баштаганына үч жүз жылга, ал эми алфавити чечмеленип, тексттери окулганына (1893-жылы В.Томсен, В.В.Радлов) жүз жыл толгондугуна карабастан кыргыз тилин анын тарыхый өнүгүшүн изилдөө азыр да актуалдуу бойдон калууда. Бул тууралуу кыргыз түркологу С.Сыдыков 2200 жылдык тарыхы бар кыргыз элинин, анын эне тили болгон кыргыз тилинин тарыхын изилдөө кыргыз тарыхчылары менен тилчи түркологдордун келечектеги милдети экендигин баса белгилеген **[4].**

Тарыхчы В.В.Бартольд “Кыргыздар” деп аталган эмгегинде Тан-Шуда кыргыз жазуусу тууралуу эскерилген сөздөрдү келтирет. Анда кыргыздардын тамгасы жана тили уйгурларга окшош экендиги белгиленет. Сөз ал кездеги уйгурлар арасында жаңыдан тарай баштаган жана кийин моңголдор тарабынан алынган алфавит жөнүндө эмес, Орхон жазууларынын ачылышынын аркасында табылган окуунун ачкычы болгон байыркы жазуулар жөнүндө болуп жаткандыгын окумуштуу баса белгилейт. Тагыраагы ошол Енисей ойдуңундагы тамгалар кыргыздарга абдан эле белгилүү болгон. Енисей жазууларын которуу аракетин Радлов жасаган. Ага байланыштуу жогоруда белгиленгендей С.Е. Малов ушул маалыматтарга таянгандыгы ачык көрүнүп турат [5].

Орус элинин белгилүү окумуштуусу О.К.Мудрак түрктөрдүн жазма тили эзелтен болуп келгендигин, славяндар жазуудан кабары жок кезде түрктөр руна сымал алфавити менен толук

жазышкандыгын белгилейт. Ошондой эле европалык изилдөөчүлөр руна сымал жазууну герман рундары менен байланыштырып атагандыгын билдирет [6].

Андай болсо кыргыз тилинин пайда болуу тарыхын изилдөөнүн жүрүшү түздөн-түз түркология маселелерине барып такалат. Кыргыз тилинин түрк тилдер тобуна таандыгы XIX кылымда негизделген. Белгилүү болгондой тилдерди изилдөөдө тилчилер окшош тилдерди таап, аларды белгилүү тил топторуна бириктиришет [7]. Түрдүү климаттык, географиялык шарттар айрым топтордун тилине жана маданиятына таасирин тийгизгендигине байланыштуу ар бир тил тобу өз жолуна түшүп, белгилүү бир шарттарда зарылчылыкка жараша өнүгүп турган. Азыр кыргыз тилинин түрк тилдеринин кайсы тобуна тиешелүүлүгү боюнча түрдүү пикирлер болсо да фонетикалык системасынын, грамматикалык түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү бонча тоо-алтай тили менен жакын генетикалык байланышта экендиги анык. Ага байланыштуу кыргыз тили түбүндө тоо- алтай тобуна кирет. Кыргыздардын Теңир-Тоого көчүшү менен бүгүнкү кыргыз элинин калыптануу процесси аяктап, тилде да өзгөчөлүктөр пайда болгон. Тагыраагы тилде кыпчак элементтеринин пайда болушу, ага байланыштуу түндүк-батыш түрк тилдери тобунда карала башташына негиз богон. Негизи тилдердин Алтай биримдиги теориясына кайрылуу кыргыз тилинин байыркы тарыхын аныктоого шарт түзөт. Себеби Алтаистика кыргыз тилинин түпкү жаралышын, өнүгүшүн көрсөтүүчү бирден-бир булак. Белгилүү окумуштуу Б. М. Юнусалиев кыргыз тилин байыркы кыргыз тили (IX–X кылымдарга чейинки мезгил, же орхон-енисей доору), орто кылымдык кыргыз тили (X–XVI кылымдарга чейинки мезгил, б. а. алтайлыктар менен кыргыздардын тилиндеги окшоштуктар пайда болгон доор) жана жаңы кыргыз тилинин мезгили деп үч доорго бөлгөн. **[8].**

Кыргыз тилин ичине камтып турган жалпы эле түрк тилдерин изилдөөдө окумуштуулардын салымы чоң. Алар Н. А. Баскаков, М. Кашгари, С. Е. Малов, В. Радлов, А. Н. Самойлович ж.б. Түрк тилдеринин тарыхына негизделген Н.А.Баскаковдун классификациясы түрк тилдеринин тарыхын Алтай, Хун (V кылымга чейин), Байыркы түрк доору (V–X кылымдар), Орто түрк доору (X–XV кылымдар), Жаңы түрк доору (X–XIX кылымдар), Жаңы доор, же Улуу Октябрь Социалисттик революциясынан кийинки түрк тилдеринин өнүгүү доору деп алты доорго бөлүштүргөн.

Тарыхый булактарга таянуу менен белгилүү түркологодордун пикири боюнча түрк болушу мүмкүн болгон элдер тууралуу маалыматтар алгач хуннулардын (гунндардын) тарыхый аренага чыгышына байланыштуу экендигин билүүгө болот. Гунндардын талаа империясы моноэтникалык болгон эмес, бирок тилдик материалдарга караганда анда түрк элементи болгон. Ага ылайык изилдөөбүздүн жүрүшүн Улуу Көч процессине кыскача кайрылуу менен улаганыбыз оң. Анткени түрк тилинде сүйлөгөн хуннулар, кийин түрктөр, түрк-монгол уруулары сыяктуу элдер Улуу Көчтүн ар бир доорунун баштоочулары болгон. Б.з.ч. III кылымдан тарта Түндүк Азияны жана Чыгыш Европаны өз курамында кармаган

хунндардын түрктөрдүн түпкү аталары болгондугу жана алардын тили да алгачкы түрк тилинин уңгусу болгондугу тууралуу кеңири пикирлер бар. Б.з.ч. 209 – жылы хунну элинин башына келген Модэ шанүйдүн (Огуз кан, Түрк ата) тушунда хуннулар согуштук-саясий бийиктикке чыгышып, Түштүк Сибирь, Монголия, Түндүк Кытай аймактарын каратып түрк элдеринин байыркы державасын түзүүгө жетишишкен. Бирок б.з.ч. II кылымда хуннулар сяньбилерден сокку жеп, батышты карай массалык түрдө жер которушкан. Бул процесстин жүрүшүндө хуннулардын бир бөлүгү Кытайдын Ордос жерине, экинчи бөлүгү Борбордук Азияга, үчүнчү бөлүгү Батышты карай жөнөшкөн. Акыркы хуннулар б.з.ч. III-IV кылымдарда угро-фин уруулары менен метисацияга кирип “гунн” аталышкан.

Тарыхый маалыматтардан белгилүү болгондой хуннулардын ашина уруусунан чыккан түрктөр 552-жылы Түрк каганатын түзүп бүтүндөй Улуу Талааны ээлеп күчүү чыгат. Хунн доорунун башкы коомдук-саясий жүргүзгөн жыйынтыктарынын негизинде Борбордук Азияда түрктөшүү процесси башталган. Дээрлик алты кылым аралыгында Удуу көчтүн экинчи толкунун баштоочулар болгон түрктөр Борбордук Азияда, Сибирдин түштүгүндө жана Улуу талаада түрктөшүү процессинин аякташына жетишишкен. Анткени түрктөр жергиликтүү элдерге өз тилин, маданиятын ыйгарып ассимилияциялоого жетишти. Ошондуктан бир катар түркологиялык адабияттарда жана классификацияларда түрк тилинин түпкү булагы катары хунн тилинин кабыл алынгандыгы белгиленет **[9]** Ал эми Чыгыш Сибирден Кара деңизге чейин, Урал тоосунан Монголияга чейинки аймакта орхон тамгасы менен чегилген башка тилдеги эскерткичтин жоктугу, аталган мейкиндик байыркы түрк тайпаларынын өз мекени болгондугун дагы бир ирет ырастап турат **[10]**

Эгемендүүлүктүн бүгүнкү күнүндө деле кыргыз тилинин тарыхын изилдөө иштери актуалдуу экендигин окумуштуулар айтып келишет. Филология илимдеринин доктору, профессор Сыртпай Мусаев кыргыз тилин эң байыркы тилдерге таандык кыла турган болсок, тилдин келип чыгышын далилдеген конкреттүү изилдөөлөр болушу керектигин билдирет. Окумуштуунун бул белгилөөсүн тилдин тарых илими жаатынан да терең изилдөөгө болгон чакырыгы катары кабыл алганыбыз туура. Мында кыргыз тилинин өнүгүүсүн байыркы, орто жана жаңы доордогу өнүгүүсүн тарыхый окуялардын өзөгүндө фундаменталдуу изилдөө керек. Ошондой эле С.Мусаев В.Радловдун “Түрк диалектилеринин сөздүгүнүн тажрыйбасы” деген сөздүгүн кыргыз тилине тиешелүү фактыларды камтыган маанилүү илимий тарыхый материал деп эсептеп, кыргыз тилинин өнүгүү эволюциясын изилдөөдө абдан чоң мааниге ээ экендигин баса белгилейт **[11].** Ушул эле маселелердин катарында кыргыз тилинде колдонулган жазуулар Орхондогу жазуудан эрте пайда болуп, кийин архаикалык мааниде айрым фонетикалык, грамматикалык, структуралык өзгөрүүлөргө ээ болушу мүмкүндүгү тууралуу маалыматтар кездешет. Орхон түрктөрү өз жазуу системасын түзүүдө байыркы кыргыздардын жазуу маданиятындагы тажрыйбаны пайдаланышкандыгы тууралуу маалыматтар да толук кандуу

изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшүнүн зарылдыгын туудурат.

Дүйнө жүзүнө белгилүү чыгыш таануучу-түрколог Э.Р.Тенишев да азыркы кыргыз тилинин классификациялык бөлүнүшү боюнча кыпчак тилдеринин тобуна кирээрин, бирок кыргыз тилинин келип чыгышы жана анын грамматикасынын улутка чейинки эволюциясы “кыргыз” деп аталган башка бир топ менен байланыштуу экендигин билдирет. Руна тамгалары менен жазылган кыргыз эпитафияларынын тили, адабий катмарга кирип, аны изилдөө адабий тилдердин тарыхын изилдөө ыкмасы боюнча жүргүзүлүшү керек деген пикирин жазат **[3].**

Корутунду. Жазуунун болушу эң биринчи кезекте коомдун өнүгүүсүнөн кабар берген башкы жетишкендик жана мамлекеттүүлүктүн негизи. Кыргыз эли да өзүнүн көп кылымдык өнүгүү тарыхында дүйнө элдеринин арасында өзүнүн жазуусун пайда кылып, мамлекеттин эл аралык катышына алып чыга алгандыгы менен өзгөчөлөнөт. А бирок кыргыз тилинин фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык түзүлүшүн тектештирип изилдөө иши алдыда аткарылуучу иштерден болуп кала берет. Себеби азыр кыргыздардын түрктөшүүгө чейин эле жазуусу болгон деген айрым пикирлер бар. Ал эми алардын генеалогиялык жактан кайсы элдер менен жакындыгы, тилдердин дагы кайсы бир тобуна кошулуп калаары тууралуу конкреттүү изилдөөлөр жок.

Дүйнөгө белгилүү тарыхчы В. В. Бартольд тарых илиминин методикасын устаттык менен колдонуп, лингвистикалык илимдин маалыматтарын изилдөө иштеринде көп түрдө пайдалана билишкен. В. В.Радлов, П. М.Мелиоранский, С. С. Малов сыяктуу түркологдор болсо, кең мааниде филологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүп, тарых, этнография, антропология илимдеринин маалыматтарын кылдаттык менен пайдаланышкан. Ага байланыштуу байыркы кыргыз тилинин пайда болуусу тууралуу изилдөөлөрдө тил илими өзгөчө түркологдордун эмгектери менен тарых илиминин тыгыз айкалышуусунун болушу маанилүү деп эсептейбиз.

### Адабияттар

1. К.Дыйканов. Кыргыз тилинин тарыхынан: Жогорку окуу жайлары үчүн. – Ф.: Мектеп, 1980. –156 б
2. 4-5. И.Ш.Султаналиев. Махмуд кашгаринин “Дивану лугати-т түркүнүн тили” –Б., 2015. 227 б.
3. 137. Э.Р. Тенишев Избранные труды. Книга третья. Уфа ИИЯЛ УНЦ РАН-2011, 256 стр
4. 4-5. Г.Т.Жаманкулова. Байыркы кыргыз тили. –Б., 2016. 652 б.
5. В.В.Бартольд. Киргизы. Исторический очерк.//Сочинения. - М., 1963. - т.II - часть 1 - С. 28-40
6. О.К.Мудрак. Классификация тюркских языков и диалектов. (с помощью методов глотохронологии на основе вопросов по морфологии и исторической фонетике) –М., РГТУ, 2009. -191стр.

7. 55. С.А.Бурлак, С.А.Старостин. Сравнительно-историческое языкознание: Учебник для студ. высш. учеб. заведений / М.: Издательский центр «Академия», 2005. С. 432
8. К.Дыйканов. Кыргыз тилинин тарыхынан: Жогорку окуу жайлары үчүн. – Ф.: Мектеп, 1980. –156 б
9. 24. Г.Жумаканова. Түрк лексикографиясынын тарыхынан. (Түрк сөздүктөрүндө илимий принциптердин калыптанышы) –Б., 2009., 284 б
10. К.Дыйканов. Кыргыз тилим тагдырым. /Советтик Кыргызстан/ 01.03.1990.
11. С.Ж.Мусаев, С.З.Садыкова. Лексика кыргызского языка в словаре В.В.Радлова "Опыт словаря тюркских наречий" Тамбов: Грамота. 2018, №1(79)  345-348